# Бир киши Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламга: «Мага насаат бериңиз» - деп айтты. Ал: «Ачууланба» - деди. Андан кийин кайра-кайра сураганда Пайгамбар: «Ачууланба» - деп кайталады.*@

Абу Хурайра, радыяллаху анху, риваят кылат: Бир киши Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламга: «Мага насаат бериңиз» - деп айтты. Ал: «Ачууланба» - деди. Андан кийин кайра-кайра сураганда Пайгамбар: «Ачууланба» - деп кайталады.
[Сахих (ишенимдүү)] [Бухари жазып калтырган]

Сахабалардын бири Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа салламдан, өзүнө пайда алып келе турган нерсеге багыттоосун сурады. Ошондо Пайгамбар ачууланбоого буюрду. Бул анын ачуусун келтирген себептерден алыс болушун, ачуусу келгенде өзүн карманышын, кан төгүү, уруп-сабоо, мазактоо жана ушул сыяктуу нерселер менен ачуусун баспоо дегенди билдирет. Ал киши: «Мага насаат бериңиз» - деген өтүнүчүн бир нече жолу кайталаса да, Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, ага «ачууланба» деп айткан насаатын гана айтты.

https://sunnah.global/hadeeth/ky/show/4709